**Байгубатова Надира Рахымбековнанын 12.00.11 – сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга сунуш кылынган “Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо: көйгөйлөрү, тенденциялары, келечеги” темасындагы диссертациялык ишине расмий оппоненттин пикири**

## 1. Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.

Коомдун өнүгүүсүнүн заманбап шарттарында жазык-аткаруу тутумунун ишин өркүндөтүү маселеси чоң мааниге ээ болуп келет. Барган сайын жазаларды аткаруу процессинде келип чыгуучу көйгөйлөргө, ошону менен катар жазанын жана жазык-укуктук мүнөздөгү башка чаралардын максаттарына жетүүдө жазык-аткаруу тутумунун мекемелеринин жана органдарынын иш-аракеттеринин натыйжалуулугун баалоого коомдук жана саясий кызыгуунун өсүшү байкалууда.

Эл аралык стандарттардын талаптарын эске алуу менен пенитенциардык тутумдун ишинин механизмин укуктук жөнгө салуу чөйрөсүндөгү мыйзамдарда дагы активдүү өзгөрүүлөр болуп жатат. Жана аларды акыркы жылдардагы Кыргыз Республикасынын жаза аткаруу тутумун реформалоо боюнча бир катар маанилүү чечимдерден көрө алабыз. Мисалы, 2019-жылдын 1-январынан тартып, жазык-аткаруу тутумунун ишине байланыштуу стратегиялык ченемдердин, анын ичинде жаңы Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексинин күчүнө кириши. Ага чейин “Пробация жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын кабыл алынышы, 2018-жылы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен 2018-2023-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу (пенитенциардык) тутумун өнүктүрүү боюнча стратегиясынын бекитилиши.

Бирок, мындай кадамдарга карабастан, Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасы терең кризистик абалда калып келет. Алардын

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
Входящий 01-1-2
№ 115 от «17» 05 2021 г.

негизин жетишсиз каржылоо, инфраструктуранын бузулушу, коррупция ж.б. көйгөйлөр түзөт.

Себеби, жазык-аткаруу тутумун реформалоо тез арада ишке ашыруу мүмкүн эмес дагы, ал үчүн күчтүү эрк, убакыт, олуттуу ресурстар, масштабдуу уюштуруучулук жана укуктук аракеттер, ошондой эле фундаменталдуу илимий изилдөөлөр талап кылынат.

Жогоруда айтылгандардын негизинде Байгубатова Надира Рахымбековнанын жасаган изилдөөсү актуалдуу жана учурдун талабына ылайык деген тыянак чыгарууга болот.

Ошону менен катар, автореферattын мазмуну менен таанышуу, изилдөө учурунда автор колдонуудагы Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлүк мыйзамдарды, пикир кылып жаткан темага арналган илимий иштерди жана мезгилдүү басылмаларды карап чыгууда бир топ чоң эмгек жасагандыгы жана жазык-аткаруу системасын реформалоо тармагында келип чыккан көптөгөн маселелерге жооп табууга аракет кылгандыгы жөнүндө жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берет.

Ал эми талдоодо колдонулган методология, алынган натыйжалардын ишенимдүүлүгүн жана негиздүүлүгүн камсыз кыла алды десек болот. Албетте, автор жазык-аткаруу тутумун реформалоонун көйгөйлөрүнө, тенденцияларына жана келечегине байланыштуу маселелерди толук изилдөө масатын көздөгөн эмес, бирок ошентсе дагы айтылган суроолорду бул иштин алкагында Кыргызстандын реалдуулугуна байланыштуу ар тараптуу кароого биринчи жолу аракет кылган.

**2. «Окумуштуулук даражаны ыйгаруу тартиби жөнүндө жободогу» диссертациялык талаптардын жана «Окумуштуулук даражаны изденип алууга сунушталган диссертациянын критерийлери жана талаптары» II бөлүгүнүн алкагындагы илимий натыйжалар.**

Диссертацияда жаңы, илимий-негизделген жана анык натыйжалар

алынган, атап айтканда:

*1-натыйжа.* Жазык-аткаруу тутумун реформалоонун маанисин тактоо белгилүү спецификалык өзгөчөлүктөргө ээ экендиги аныкталган.

*2-натыйжа.* Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун ишин реформалоонун негизги этаптарын ачып берүү үчүн анын калыптануу жана өнүгүү жолунун өзгөчөлүгү кароо негиздүү.

*3-натыйжа.* Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун ишиндеги маселелердин өзгөчөлүктөрү каралып, реформага түрткү болгон факторлор далилденди.

*4-натыйжа.* Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун ишин жөнгө салуучу улуттук актылар талданып, мазмундарын өркүндөтүү максатында сунуштар аныкталды.

*5-натыйжа.* Жазык-аткаруу тутумунун ишин жөнгө салуучу эл аралык стандарттардын өзгөчөлүктөрү каралып, улуттук системалар үчүн аларды укуктук көрсөтмө катары негиздеген.

*6-натыйжа.* Кыргыз Республикасында жаны түзүлгөн Юстиция министирлигинин алдындагы Пробация департаментинин иши каралып, чагылдырылган көйгөйлөрдү чечүү жолдору сунушталган.

*7-натыйжа.* Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун ишинин өнүгүү келечегин аныктоо зарылдыгы далилденген жана анын так критерийлери белгиленген.

**3. Диссертацияда баяндалган илимий жоболордун, тыянактардын жана сунуштардын негиздүүлүгү менен ишенимдүүлүгүнүн деңгээли.**

Алынган натыйжалар жетиштүү деңгээлдеги негиздүүлүк жана ишенимдүүлүк менен мүнөздөлөт.

*1-натыйжа.* Негиздүү жана ишенимдүү, анткени ал доктриналык булактарды талдоонун негизинде жазык-аткаруу тутумун реформалоо мааниси негизделген.

*2-натыйжа.* Экинчи натыйжанын негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү

дүйнөлүк жана улуттук жазык-аткаруу тутумунун адамзатынын пайда болушунан баштап азыркы заманга чейинки баскан жолун чагылдырган атайын адабияттарды терең талдоонун жана эл аралык документтердегидей эле, Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдарында да бекитилген мыйзамдык базанын негизинде түзүлгөн.

***3-натыйжа.*** Конкреттүү максаттарга жетүү үчүн Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун ишиндеги маселелерин өзүнчө изилдеген окумуштуулардын, юристтердин илимий эмгектерин талдоонун үстүндө негизделген жана ишенимдүү.

***4-натыйжа.*** Бул натыйжанын негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун ишин жөнгө салууга багытталган улуттук мыйзамдардын колдонуудагы ченемдерин терең талдоо менен тастыкталат.

***5-натыйжа.*** Жазык-аткаруу тутумунун ишин чагылдырган эл аралык стандарттардын ченемдерине жана жоболоруна талдоо жүргүзүү менен негизделген.

***6-натыйжа.*** Кыргыз Республикасынын Юстиция министирлигинин алдындагы Пробация департаментинин иш чөйрөсүндөгү калыптанган тажрыйбаны жана аны жөнгө салууга багытталган укук ченемдерин талдоо менен ишенимдүү жана негиздүү.

***7-натыйжа.*** Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун ишинин келечегин аныктоо чөйрөсүндөгү колдонуудагы мыйзамдарды жана чет өлкөлүк тажрыйбаны талдоонун негизинде түзүлгөндүктөн, ишенимдүү жана негиздүү.

## 4. Диссертацияда баяндалган илимий жоболордун, тыянактардын жана сунуштардын жаңылык деңгээли.

***1-натыйжа.*** Кайсы бир бөлүктө жаңы болуп саналат, анткени жазык-аткаруу тутумун реформалоо мааниси аныктоо аракети белгилүү болгон буга

чейин ар кандай изилдөөчүлөрдүн көз-караштары адистештирилген адабияттарда болгондугунда.

***2-натыйжа.*** Кайсы бир бөлүктө жаңы болуп саналат, себеби Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун калыптануу жана өнүгүү жолу жөнүндө ар кандай адистештирилген адабияттарда болгондугунда.

***3-натыйжа.*** Кайсы бир бөлүктө жаңы, анткени Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун ишин реформага түрткү кылган маселелер жөнүндө бир кыйла пикирлер айтылып келген.

***4-натыйжа.*** Жаңы болуп саналат, себеби автор жазык-аткаруу тутумунун ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мазмундарын талдоонун негизинде аларды толуктоо зарылдыгы жөнүндө божомолду айткан.

***5-натыйжа.*** Жаңы болуп саналат, себеби автор жазык-аткаруу тутумунун ишин жөнгө салуучу эл аралык стандарттарынын мазмундарын жана алардын Кыргыз Республикасынын улуттук актылары менен катнашын талдоонун негизинде аныкталат.

***6-натыйжа.*** Жаңы, анткени окумуштуулар Кыргыз Республикасында жаңы түзүлгөн Юстиция министирлигинин алдындагы Пробация департаментинин иш чөйрөсүндөгү маселелерди жана аны жөнгө салууга багытталган укук ченемдердин мазмунун жакшыртууга өбөлгө түзгөн ар кандай иш-аракеттерди бекитүү зарылдыгы жөнүндө өз пикирлерин билдире элек.

***7-натыйжа.*** Жаңылык катары берилет, анткени автор биринчилерден болуп Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун келечегинин багытын аныктоону сунуш кылат.

**5. Алынган жыйынтыктардын ички бирдиктүүлүгүн баалоо.**

Изденүүчү Н.Р. Байгубатованын диссертациясы ички бирдиктүүлүккө ээ, ачык коргоого чыгарылган жаңы илимий натыйжаларды жана жоболорду камтыйт. Изденүүчү сунуш кылган чечимдер жаңы позициялар менен

бааланган. Бардык алынган натыйжалар ички бирдиктүүлүк, ырааттуулук жана өз ара байланыш менен айырмаланат. Ошону менен катар, теориялык жана укуктук аспектилердин ырааттуу жана ар тараптуу каралышы диссертанттын алдына коюлган бардык маселелердин илимий түшүнүгүн жана ийгиликтүү чечилишин камсыз кылган.

Диссертациялык изилдөөдө камтылган теориялык жоболордун жыйындысын эл аралык укукта дагы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдарында дагы жазык-аткаруу тутумун реформалоо тармагындагы жаңы жетишкендик катары толук негизде квалификациялоого болот.

Диссертация 12.00.11 - сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу адистигине толугу менен шайкеш келет.

**6. Диссертацияда келтирилген натыйжаларды алууга автордун конкреттүү жеке катышуусу.**

Жүргүзүлгөн изилдөө прцессинде алынган натыйжалар маанилүү болуп саналат, ал эми изилдөө 12.00.11 - сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу адистиги боюнча укуктук илимдин өнүгүшүнө олуттуу салым кошот.

**7. Алынган натыйжалардын тиешелүү актуалдуу көйгөйдү, теориялык жана колдонмо маселени чечүүгө багыты.**

Бул эмгекте жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары олуттуу теориялык жана практикалык мааниге ээ. Сунуштар жана сунуштамалар жазык-аткаруу тутумун реформалоого байланыштуу маселелерди чечүүдө мыйзам чыгаруу ишинде, ошондой эле иш практикасында колдонулушу мүмкүн. Андан тышкары, диссертациялык изилдөөнүн авторунун натыйжалары, тыянактары жана корутундулары жазык-аткаруу тутумун реформалоо боюнча эл аралык укуктун ченемдери менен Кыргыз

Республикасынын улуттук мыйзамдарынын ченемдерин өркүндөтүүгө багытталган олуттуу илимий эмгектерди чагылдыргандыгын белгилеп кетүүгө болот.

Жүргүзүлгөн изилдөөдө камтылган илимий-теориялык иштеп чыгуулар «Укук коргоо органдары», «Жазык-аткаруу укугу» курстарын окутуудагы билим берүү процессинде, ошондой эле окуу китептерин, окуу куралдарын, монографияларды даярдоодо колдонулушу мүмкүн экендиги бир кыйла маанилүү факт болуп саналат.

## 8. Диссертациянын жарыяланган негизги жоболорунун, натыйжаларынын, тыянактарынын, корутундуларынын жетиштүү түрдө толуктугун ырастоо.

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжалары жана аларга негизделген тыянактар менен сунуштар ар кандай билим берүү мекемелериндеги талкуу процессинде апробациядан өткөн, илимий-практикалык конференцияларда баяндалган. Диссертациялык изилдөө процессинде алынган илимий натыйжалар автордун жарыяланган макалаларында толугу менен чагылдырылган.

## 9. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкештиги.

Авторефератты жана диссертацияны салыштырууда алардын мазмуну толугу менен шайкеш келет деген тыянак чыгарууга болот. Диссертациянын структуралык элементтери (киришүү, главалар, параграфтар, тыянактар), негизги жоболор жана тыянактар керектүү көлөмдө авторефератта толугу менен чагылдырылган. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде бирдей кыскача мазмунга ээ.

## 10. Диссертациянын мазмуну жана таризи боюнча кемчиликтер.

Рецензиялоо үчүн сунушталган диссертациялык иштин мазмунун талдап жатып, бүтүндөй ишти аткаруу мезгилинде изденүүчү изилдөөнүн максатын так көргөн жана коюлган маселелерди орду-орду менен чечкен деп тыянак чыгарууга болот, бул тууралуу изилдөө темасына шайкеш келген диссертациянын ар бир бөлүмчөсү жана бөлүмү боюнча берилген конкреттүү тыянактар далилдеп турат.

Бул диссертацияны жалпысынан оң деп баалоо менен талаштуу учурларды дагы белгилеп кетүү керек:

1. Диссертациянын маңызын андан ары өркүндөтүү үчүн, коомдон бөлбөстөн жазаларды аткарууну уюштуруу жөнүндө сөз болгон параграфта Кыргыз Республикасынын жаңы түзүлгөн пробация органдарынын ишин талдоо менен катар, чет мамлекеттердеги пробация органдарынын калыптануу жана өнүгүү тарыхына салыштырмалуу укуктук талдоо жүргүзүү зарылдыгы авторго сунушталат.

2. Диссертацияда автордун биринчи жактан баяндаган сөз айкаштары кездешет, бирок илимий эмгектерде үчүнчү жактан сүйлөө кабыл алынган, мисалы: «ойлойбуз», «зарыл деп эсептейбиз» ж.б.у.с.

3. Диссертациянын маани-мазмунун байытуу максатында, айрым категориядагы адамдарга карата (аялдарга, жашы жете электерге ж.б.) жазаларды аткаруу көйгөйлөрүн өзүнчө параграфта карап чыгуу зарылдыгы авторго сунушталат.

## 11. КР ЖАКнын «Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө жобосунун» талаптарына диссертациянын шайкештиги.

Диссертациялык изилдөө өзүнүн түзүмү жана мазмуну, изилдөө жүргүзүүнүн жүрүшүндө алынган натыйжалардын негиздүүлүгү, ишенимдүүлүгү жана жаңылыгы, укуктук илим үчүн алардын маанилүүлүгү

«Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө жобонун» талаптарына толугу менен шайкеш келет.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде Байгубатова Надира Рахымбековнанын “Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо: көйгөйлөрү, тенденциялары, келечеги” темасындагы диссертациясы 12.00.11 - сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алууга татыктуу деген тыянак чыгарууга болот.

**Расмий оппонент:**
**Милициянын генерал-майору Э.А. Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин академиясынын башчысынын орун басары, юридика илимдеринин доктору, профессор** **Джоробекова А.М.**

колун тастыктаймын:
Кыргыз Республикасынын ИИМдин
Академиясынын катчылыгын башчысы

**“14” май 2021-жыл**

**Кол тамганы күбөлөндүрөм:**

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
Входящий 01-1-2
№ 115 от «12» 05 2021 г.